**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Акушердик,гинекология жана хирургиялык дисциплиналар» кафедрасынын кезектеги жыйынынын**

**№5 ПРОТОКОЛУ**

25.11.2025ж

**Торайым:** м.и.к.,доцент: Н.А Каримова

**Катчы:** Матжакыпова А.Э.

**Катышкандар:** 27 окутуучу.

**Отулуучу жай:** 412

**Кун тартиби:**

1. Сапат департаментинин текшерүүсүнүн жыйынтыктарын кароо
2. Билим берүү программасын түшүндүрүү
3. Стандарттарды аткаруу үчүн жооптууларды дайындоо

# Жыйынды жүргүзүү тартиби:

## 1-маселе: Сапат департаментинин текшерүүсүнүн жыйынтыктарын кароо

**Угулду:**
Кафедра башчысы **Н.А. Каримова** факультеттик деңгээлде өткөрүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктары тууралуу маалымат берди. Аккредитацияга даярдануунун жүрүшүндө аткарыла турган иштер, документтерди иретке келтирүү жана окутуучулардын жоопкерчилиги талкууланды.

1. Созго чыкты

**Маткасымова Г.А.** сапат департаментинин текшерүүсүндө көрсөтүлгөн сунуштарды жана талаптарды аткаруу кафедранын жалпы ишмердүүлүгүн жакшыртууда маанилүү экенин белгиледи. Ал документтерди бирдиктүү форматка келтирүү, окуу-методикалык материалдарды өз учурунда жаңылоо жана ар бир окутуучунун персоналдык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча ойлорун айтты. Ошондой эле текшерүүнүн жыйынтыктары аккредитацияга даярдык процессин күчөтүүнүн зарылдыгын көрсөтүп турганын белгилеп, кафедра мүчөлөрүн активдүү иш алып барууга чакырды.

**Кайыпов А.А.** текшерүү учурунда аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча конкреттүү чараларды сунуштап, айрым документтерди стандартка ылайыкташтырууда биргелешкен иштерди жүргүзүүнүн маанисин баса белгиледи. Ал окутуучулардын ортосунда милдеттерди так бөлүштүрүү, электрондук базадагы маалыматтарды иретке келтирүү жана окуу программаларынын мазмунун мезгил-мезгили менен талдап туруу зарылдыгын

айтты. Кайыпов А.А. кафедранын потенциалы жогору экенин белгилеп, жыйынтыктарды оңдоо толугу менен мүмкүн экенин кошумчалады.

**2-маселе: Билим берүү программасын түшүндүрүү**

**Угулду:**
Алгач сөз **кафедра башчысы Н.А. Каримовага** берилди. Ал билим берүү программасы — аккредитациянын негизги компоненти экенин белгилеп, ар бир окутуучу өз предметинин программалык максаттары жана күтүлгөн натыйжалары менен тыгыз байланышта иш алып барышы керектигин айтты. Каримова Н.А. билим берүү программасынын мазмуну заманбап талаптарга жооп бериши зарыл экенин белгилеп, документтерди жаңылоо жана компетенцияларды так аныктоо боюнча жалпы багыттарды түшүндүрдү. Мындан тышкары, программага байланыштуу бардык материалдардын бирдиктүү стандартка ылайык болушу керек экенин эскертти.

2. **Созго чыкты**

Андан соң **Турсунова В.Д.** сөзгө чыгып, кафедранын окутуучуларына **Билим берүү программасынын түзүлүшү**, анын максаттары, окуу натыйжалары, компетенциялары жана методикалык талаптары боюнча кеңири түшүндүрмө берди. Ал предметтик модулдардын өз ара байланышы, кредиттик система шартында курстардын мазмунун туура пландоо жана окуу-методикалык документтерди өз убагында жаңыртып туруу боюнча практикалык көрсөтмөлөрдү айтты. Турсунова В.Д. программаны сапаттуу жүргүзүүнүн маанилүүлүгүн белгилеп, окутуучуларды активдүү кызматташууга чакырды.

## 3-маселе: Стандарттарды аткаруу үчүн жооптууларды дайындоо

**Угулду:**
Бул маселе боюнча кафедра башчысы **Н.А. Каримова** сүйлөп, аккредитацияга даярдыкты сапаттуу жүргүзүү үчүн кафедрада ар бир стандарт боюнча жооптуу окутуучуларды дайындоо зарылдыгын белгиледи. Ал стандарттар боюнча иштин өз убагында жүргүзүлүшү факультеттик деңгээлдеги отчеттордун так жана туура болушун камсыз кыларын айтып өттү.

3.Созго чыкты

Анын сөзүн колдоп, кафедранын окуу иштери боюнча орун басары **Матуримов А.И.** сөзгө чыкты. Ал стандарттар боюнча жооптуу окутуучуларга коюла турган талаптарды, аткарыла турган иштердин тизмесин жана убакыттык графикти так сактоонун маанилүүлүгүн белгиледи. Матуримов А.И. жооптуулар менен тыгыз иш алып барууга даяр экенин билдирип, маалыматтарды бирдиктүү базага өз убагында жүктөөнү сунуштады.

Ошондой эле **Рысбаева А.Ж.** сөз сүйлөп, жооптуулардын ортосунда өз ара кызматташуунун маанилүүлүгүн, стандарттар боюнча келишпестиктерди дароо чечүү зарылдыгын жана документтердин сапаттуу аткарылышы кафедранын аброюна түздөн-түз таасир этерин айтты.

Кафедра төмөнкүдөй жооптууларды бекитти:

1. **Миссия жана натыйжалар** – Айдаров Б.Э., Матуримов А.И.
2. **Билим берүү программасы** – Турсунова В.Д.
3. **Билим алгандарды баалоо** – Туйбаев А.З., Бактыбай уулу Данияр
4. **Билим алгандар** – Суранов Д.К., Кутуев Ж.А.
5. **Окутуучулар курамы** – Кайыпов А.А.
6. **Билим берүү ресурстары** – Абдырасулов К.Р., Эгемкулова А.К.
7. **Билим берүү программасын баалоо** – Маткасымова Г.А., Саед Али Аббас Рахат
8. **Башкаруу жана администрлоо** – Рысбаева А.Ж., Мамытова Ж.Т.
9. **Туруктуу жаңылоо** – Бакиров С.А., Токтоназаров Д.М.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отурум токтом кылат:**

**Токтом.**

1. Сапат департаментинин текшерүүсүнүн жыйынтыктарын маалымат иретинде кабыл алуу.
2. Билим берүү программасы боюнча берилген түшүндүрмөлөрдү кафедранын ишинде колдонуу.
3. Стандарт боюнча жооптууларга тапшырылган милдеттерди өз убагында жана сапаттуу аткаруу. Кафедра боюнча бардык документтерди актуалдаштыруу жана бирдиктүү методикалык талаптарды сактоо.

**Торайым, м.и.к.доцент,:** **Н.А.Каримова**

**Катчы:** **Матжакыпова А.Э.**